КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ

ЫСЫК-АТА РАЙОНУНДАГЫ
СЫН-ТАШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
СЫН-ТАШ АЙЫЛ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ

ЫСЫК-АТИНСКИЙ РАЙОН
СЫН-ТАШСКИЙ АЙЫЛНЫЙ
АЙМАК СЫН-ТАШСКИЙ
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

---

ТОКТОМ № 106/12-28

30.05.2023-жыл Тельман а.

**Сын-Таш айыл аймагын өнүктүрүүгө өздүк салым кошуу жөнүндө.**

Сын-Таш айыл кеңешинин 19.01.2023-жылдын № 94/11-28 токтому менен бекитилген Сын-Таш айыл өкмөтүнүн 2023-жылга карата социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасын аткаруу үчүн, Сын-Таш айыл Кеңеши

ТОКТОМ КАБЫЛ АЛАТ:

1. Сын-Таш айыл аймагын өнүктүрүүгө төмөнкү долбоорлор даярдалсын:

- “Коопсуз Сын-Таш” аймака видеокөзөмөл орнотуу.
- С.Джекшембаев атындагы башталгыч билим берүү мекемесинин аймагын курчоо.
- Өтөгөн айылын жарыктандыруу.
- Тельман айылына балдар аянтчасын куруу.
- Мектептерди интерактивдүү такта менен камсыз кылуу.
- Ак-Сай айылынын клубун ремонттоо.
- Тельман айылына мини футбол талаасын куруу.
- К.Шакиров атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин эшик жана терезелерин алмаштыруу.

- Д.Мамашева атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин башталгыч мектебинин имаратына капиталдык ремонт жүргүзүү.

2. Сын-Таш айыл өкмөтүнүн бюджетинен эркин жүгүртүүдөгү калдыкдан, жогорудагы долбоорлорго 2 000 000 (эки миллион) сом өздүк салым каралсын.

3. Жогорудагы токтомдун көзөмөлү финансы жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлөт.

Сын-Таш айыл Кеңешинин төрагасы Джолдошбеков Э.Б.